6.7. Эгерде башкармалыктын мүчөсү мөөнөтүнөн мурда чыгып кетсе же бошотулса, МККБ мүчөлөрү анын ордуна башкармалыктын ыйгарым укуктарынын калган мөөнөтүнө Жалпы чогулушта бекитилип шайлашы мүмкүн. МККБ Башкармалыгын анын Төрагасы чакырат, ал жок болсо төраганын орунбасары (жок болгон мезгилге Башкармалыктын мүчөлөрүнөн дайындалган) кварталда бир жолудан кем эмес. Зарыл болсо Башкармалык МККБ иш-аракетинин ар суроолору боюнча Башкармалыктын мүчөлөрүнүн каалоосу боюнча чакырылышы мүмкүн.

6.8. МККБ Башкармалыгынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- өзүнүн курамынан башкармалыктын Төрагасын шайлап алууга;
- ушул Уставда каралган маселелерди жана максаттарды аткаруу боюнча планды белгилөө;
- МККБ иш-аракетинин күндөлүк жана перспективалуу суроолорун кароого алуу;
- Жалпы чогулуштун чечимдерин, буйруктарын аткаруу;
- МККБ мүчөлөрүнүн иш-аракетин илимий-техникалык, маркетингдик, материалдык- техникалык камсыз кылып жакшыртууга багышталган суроолорду чечүү;
- МККБ иш-аракетин бухгалтердик эсепке алуу менен камсыз кылуу, мамлекеттик органдарга бухгалтердик маалыматтарды жана отчеттуктарды көрсөтүү;
- Эмгек келишими боюнча адистерди тартуу тартибин аныктоо жана алардын эмгегине төлөө тартиби;
- Жалпы чогулушта кароого чыгарылган суроолорду даярдоо;
- Жалпы чогулуштун компетенциясына тиешелүү башка суроолорду чечүү;
- Жылдык отчетту, балансты жана административдик-чарбалык чыгашалардын сметасын иштеп чыгуу жана аларды жалпы чогулушта бекитүүгө чыгаруу;
- МККБнын айрым мүчөлөрүнүн демилгеси боюнча Башкармалыктын талкуулоосуна чыгарылган башка суроолорду кароо;
- Административдик штатты жалдоо зарылдыгын аныктоо.

6.9. Башкармалыктын үчтөн эки мүчөлөрүнөн кем эмеси отурумга катышкан болсо, алар кароого чыгарылган суроолорду чечүүгө ыйгарым укугу бар болот. Добуштар тең чыкканда Башкармалыктын Төрагасынын добушу чечкиндүү болуп саналат.

6.10. МККБ башкармалыгынын отурумдарынын протоколдоруна Башкармалыктын Төрагасы кол коет жана МККБ мүчөлөрүнө алардын биринчи талабы боюнча ар убакта көрсөтүлүшү керек.

6.11. Башкармалыктын Төрагасы:

- МККБнын уставдык маселелерине жетишүү үчүн бардык керектүү чараларды көрөт;
- МККБ Башкармалыктын жана Жалпы чогулуштун отурумдарында төрагалык кылат;
- МККБ Башкармалыгынын отурумдарынын күн тартибин аныктайт;
- МККБ Башкармалыгынын күндөгү иш- аракетине жетекчилик кылат;
- Жалпы чогулуштун чечимдерин аткаруу боюнча ишти уюштурат;
- МККБ кызматкерлеринин штаттык жүгүртмөсүн бекитет;
- Административдик директордун милдетин аткарат.

6.12. Башкармалыктын Төрагасы, эгерде анын иш-аракети укук бузган мүнөздө болсо, МККБга зыян келтирсе же МККБ уставдык максаттарына карама каршы келип калса, ээлеген кызматынан мөөнөтүнө чейин бошотулушу мүмкүн.

6.13. МККБнын жумушчу органы болуп Административдик штат саналат, аны МККБ Административдик директору жетектейт.